**«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси**

**«Бекитемин»**

**«БИК» тин мүдүрү ф.и.к., доцент**
**Эркинбеков К.Э.**
**«_1_» _____ 2026-жыл**

# *Жаңы жыл майрамына карата өткөрүлгөн иш-чара боюнча*

# *отчету*

## *Темасы: «Жаңы жыл – жакшылыктын башаты»*

**2026- жыл**

**«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси**

# *Жаңы жыл майрамына карата өткөрүлгөн иш-чара боюнча*

# *отчету*

## *Темасы: «Жаңы жыл – жакшылыктын башаты»*

**2026- жыл**

**Жаңы жыл – адамдарга кубаныч, үмүт жана жаңы максаттарды тартуулаган өзгөчө майрам.**

«Бишкек инновациялык колледжи» мекемесинде **2026-жылы Жаңы жыл** майрамына карата 1–2-курстардын студенттери үчүн **майрамдык иш-чара** уюштурулуп өткөрүлдү.

**Иш-чаранын максаты – студенттерге майрамдык маанай тартуулоо, достук жана ынтымакты бекемдөө, ошондой эле жаңы жылды жакшы тилектер менен тосуп алууга өбөлгө түзүү болуп саналат.**

Майрамдык иш-чаранын жүрүшүндө - колледждин директору **Эркинбеков К.Э.** **«Аяз Атанын»** образында, ал эми **Муратбекова А.А.** окуу бөлүмүнүн адиси **«Аяз кыздын »** образында студенттерди Жаңы жыл майрамы менен куттукташты. Студенттерге жаңы жылга карата жылуу каалоо-тилектер айтылып, ийгилик, бекем ден соолук жана окууда жогорку жетишкендиктер кааланды.

Иш-чаранын алкагында 1–2-курстардын студентерине таттуу белектер таратылып, кызыктуу суроолор жана чакан оюндар уюштурулду. Студенттер берилген суроолорго активдүү жооп берип, майрамдык программага жигердүү катышышты. Бул өз кезегинде студенттердин маанайын көтөрүп, иш-чаранын кызыктуу жана жандуу өтүшүнө шарт түздү.

Мындан тышкары, студенттерге майрамдык атмосфера тартууланып, жаңы жылдык жакшы тилектер айтылды. Иш-чара жылуу жана достук маанайда өтүп, студенттер үчүн өзгөчө жагымдуу таасир калтырды.

Жыйынтыгында уюштурулган Жаңы жылдык иш-чара өз максатына жетип, студенттер үчүн эсте каларлык майрамдардын бири болуп калды.

**«Жаны жыл»**

**Кел, жаңы жыл, келе бер,**

**Тынчтык нурун себе бер.**

**Бирге болсун биз менен**

**Биздин ата-энелер.**

**Элге бергин береке,**

**Жерге бергин береке.**


**Өркүндөсүн Ата Журт**


**Өзүң берген белекке.**

**С. Жусуев**

**Окуу бөлүмүнүн адиси:** **Муратбекова Айдай Алтынбековна**

## *1- курстун студенттерине белектерди тапшыруу*










## *2- курстун студенттерине белектерди тапшыруу*





***Окуу болумунун адиси:*** ***Муратбекова А. А.***